**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛАСТЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

720300, Кызыл-Кыя шаары, Масалиев көч., 60
тел. 5-01-00

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

720300, г. Кызыл-Кыя, ул. Масалиева, 60
факс 5-08-26

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2022 – жылдын 12 – августу №13/42**

**Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди турак жай менен камсыз кылуу үчүн Кызыл-Кыя шаарынын “Восток 2-1” жаны конушундагы Сухой-Сай участогунан калктуу конуштар категориясындагы 0,8 га жер тилкесин Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармасына ажыратып берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021–жылды 20–октябрындагы №123 Мыйзамынын 34–беренесине, шаардык кеңештин Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү архитектура, курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 2022-жылдын 8-августундагы № 17- чечимине негиз жана Кызыл-Кыя шаарынын 1-вице-мэри К.Абдурахмановдун 2022-жылдын 08-августундагы №01-8/629 кайрылуу катын эске алып, Кызыл–Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди турак жай менен камсыз кылуу үчүн Кызыл-Кыя шаарынын “Восток 2-1” жаны конушундагы Сухой-Сай участогунан калктуу конуштар категориясындагы 0,8 га жер тилкесин Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармасына ажыратып берүүгө макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун негизинде тийиштүү иш кагаздарын даярдоо жагы Кызыл-Кыя шаарынын мэри А.Маткалыковго тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура, курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Ж. Калматов**